М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университети жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети менен биргеликте экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д.08.24.707 диссертациялык кеңешинин эксперти, экономика илимдеринин доктору, доцент Джумалиева Эльмира Бусурманкуловна тарабынан, изденүүчү Шатманова Айжамал Суйналиевнанын 08.00.06 – улуттук жана регионалдык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" деген темадагы диссертациялык ишине

## КОРУТУНДУ

Шатманова Айжамал Суйналиевнанын "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" темасында жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация, диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Айыл чарбасы Кыргыз Республикасынын негизги тармактарынын бири болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну изилдөөнүн негизинде атаандаштыктын, атаандаштык жөндөмдүүлүктүн актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, илимий-изилдөө иштеринин коргоого сунушталган негизги маселелери, бул процесске тоскоол болгон көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн жолдору толугу менен аныкталган.

Диссертациялык иште КРнын Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну мындан ары өнүгүү жолуна өткөрүү, заманбап инвестициялык инфраструктураны түзүү, о.э. бул тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн, экспорттук мүмкүнчүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу жолуна өткөрө турган келечектүү милдеттерди тутумдуу чечүүнү жакшыртуу боюнча иш-чаралардын толук тизмеси сунушталган.

Диссертацияда иштелип чыккан теориялык, методологиялык жана практикалык жоболор Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарба

продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган көйгөйлөрдү изилдөө базасын толуктаган.

08.00.06 – улуттук жана регионалдык экономика адистигинин паспортуна ылайык келет.

**2. Изилдөөнүн максаты болуп** экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарбасынын продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өркүндөтүүнүн экономикалык шарттарын изилдөө, аны башкарууну жөнгө салуунун жана келечектүү багыттарын аныктоонун негизинде теориялык-методологиялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

Мындай максатка жетүү үчүн илимий иште төмөндө көрсөтүлгөн иштер аткарылган:

1. Экономикалык алакалашуу шартында региондун айыл чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунун жана маанисин тактоо;
2. Аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролун аныктоо;
3. Аймактын айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун ыкмаларын Кыргызстандын практикасында колдонууну сунуштоо жана аны шартоочу факторлорду аныктоо;
4. Кыргыз Республикасынын Ош облусунда эт азыктарынын мисалында аларды өндүрүү жана сатуунун учурдагы абалын анализдөөнүн негизинде атаандаштык жөндөмдүүлүктү жогорулатуунун резервдерин аныктоо;
5. Аймактык айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин иштеп чыгуу;
6. Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуунун фактору катары айыл-чарба кооперациясын өркүндөтүүнү сунуштоо;
7. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштеп чыгуу.

**3. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу.**

Ааламдашуу шартында айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу өлкөнүн жана аймактардын экономикалык өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойнойт. Бул багытты өркүндөтүү үчүн мамлекет тарабынан айыл чарбасын колдоону, инвестицияларды тартуу, интеграциялык

түзүмдөрдү түзүүнү жана атаандаштык жөндөмдүүлүктүн механизмдерин уюштурууну жана иш жүзүнө ашырууну талап кылат.

Аймактардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн теориялык жана практикалык аспектилерин изилдөө экономикалык илимдин негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп келген. Мындай кылдат көңүл буруу, атаандаштык жөндөмдүүлүктүн процесстеринин экономикалык өсүшкө жана бүтүндөй аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизип жаткандыгы менен шартталган.

Айыл чарбасында атаандаштык жөндөмдүүлүктүн төмөнкү деңгээли өндүрүштүк потенциалдын бузулушуна, айыл чарба өндүрүшүнүн техникалык жактан жабдылышынын төмөндөшүнө, айыл калкынын социалдык абалынын начарлашына алып келди. Бул көйгөйлөрдү, тагыраак айтканда атаандаштык жөндөмдүүлүктү жогорулатуу мамлекет тарабынан жөнгө салуу аркылуу чечүүгө туура келет. Ушундан улам диссертациянын изилдөө темасынын актуалдуу экендигин, коюлган максаттары жана негизги милдеттери туура экендигин толук ырастайт.

**4. Илимий натыйжалар.** Диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу багытында теориялык, методикалык жана практикалык жактан сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы төмөнкүлөр болуп саналат:

- Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунуна жана маанисине тактоо киргизилди;
- аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролу аныкталды;
- айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун методикасы иштелип чыкты жана ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды;
- эт жана эт продукцияларынын мисалында айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну анализдөө жана баалоо аркылуу атаандаштыкты жогорулатуунун резервдери аныкталды;
- аймактын айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизми иштелип чыкты;
- айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну интеграциялоо жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды;

- аймактын айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштелип чыкты, экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуунун 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**

Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (2024-жылдын 15-иайындагы акт), Ош облусунун Кара-Суу районундагы "Таширов" атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи (2025-жылдын 13-февралындагы акт) тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

КРдин Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча, айыл чарбалык, кайра иштетүүчү жана тейлөөчү ишканалардын ортосундагы экономикалык өз ара мамилелерди жакшыртуу боюнча көрсөтмөлөр «Ош облусунун 2019-2025-жылдарга карата экономикалык өнүгүүсүнүн стратегиясын" түзүүдө колдонулду.

Изилдөөнүн кээ бир аспектилери илимий-изилдөө жумуштарында жана жогорку окуу жайлардын окуу процессинде «Айыл-чарбасынын экономикасы», "Ишкердиктин экономикасы" жана "Маркетинг" предметтеринде колдонсо болот.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши:** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет.

**7. Эскертүүлөр:**

1. Диссертациялык иште максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй маселелер аныкталды деген кийин: биринчи абзацта: Теория-методикалык, эл аралык тажрыйбалардын негиздерин белгилөө, алардын маңызын аныктоо жана жапылоо каралган эмес; экинчи абзацта түзүмдүк ролун аныктоо деген сөздүн ордуна түзүмдөрүн изилдөө көйгөйлөрүн аныктоо деп толукталышы керек.

2. 2. Айыл чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча башка облустар менен салыштырмалуу талдоо жүргүзүлбөгөн, ошондуктан атаандаштыктын маңызы аныкталган эмес.

3. Атаандаштыкты аныктоо үчүн керек болгон экономикалык көрсөткүчтөр: айыл чарба продукциясынын экспорт-импорту, чарба ишканаларынын экономикалык натыйжалуулугу, негизги айыл чарба

продуктуларын өндүрүү боюнча калктын адам башына эсептегенде эт, сүт,жашылча ж.б анализ кылынган эмес;

4. Айыл чарба продукциясынын товардуулугу, инновация, мамлекеттик тескөө жана ИДПдагы айыл чарбанын үлүшү салыштырмалуу түрдө талданбаган.

**8. Сунуштар:**

Экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн аныкташ үчүн корреляциялык-регрессиялык анализди башка областарга (мисалы, Жалал-Абад, Чүй ж.б) салыштырмалуу жүргүзүү керек, себеби алар менен атаандаштык жөндөмдүүлүгү ошондо гана аныкталып, методикалык жактан туура болмок жана иштин маңызы чыкмак.

**9. Сунуштамалар:**

Авторефераттын тыянак жана практикалык сунуштар бөлүгүндө жогоруда белгиленген эскертүүлөрдү эске алуу менен корректировка кылып иштин өтөөсүнө чыкса болот жана мазмуну жакшырмак.

**10. Корутунду:** Шатманова Айжамал Суйналиевнанын диссертациялык иши калыптанып аягына чыккан илимий изилдөө болуп саналат жана изилдөөнүн жыйынтыктары республиканын, ошондой эле Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууда тиешелүү салым кошо алат.

**11. Диссертациялык кеңештин эксперти Шатманова Айжамал Суйналиевнанын тапшырган диссертациялык ишти карап чыгып,**

М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университети жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети менен биргеликте экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д.08.24.707 диссертациялык кеңешине Шатманова Айжамал Суйналиевнанын 08.00.06 – улуттук жана регионалдык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" аталыштагы диссертациялык ишин кабыл алып, коргоого сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү**
**э.и.д, доцент** **Джумалиева Э.Б.**

КАНЦЕЛЯРИЯ

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**э.и.к.** **Окенова А.О.**

18.06.25